УДК: 372.881.1(575.2) (04)

А.Т. Карымшакова,
доцент БГУ

ТҮПКҮ ТЕГИ ЭТИШКЕ ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН БӨЛҮКЧӨЛӨР

Аннотация: *Бул макалада чыгыш теги боюнча маани берүүчү сөз түркүмүнүн ичинен этишке тиешелүү болгон бөлүкчөлөр жөнүндө сөз болот. Алардын этимологиясы жана кызматчы сөз түркүмдөрүнө өтүү өзгөчөлүктөрү сыпатталып берилет. Ошондой эле бул топтогу бөлүкчөлөргө карата окумуштуулардын көз караштары берилет.*

Түйүндүү сөздөр: *этиштен пайда болгон бөлүкчөлөр, бөлүкчөлөрдүн этимологиясы, бөлүкчөлөрдүн сүйлөмдө колдонулуш өзгөчөлүктөрү, бул бөлүкчөлөр жөнүндө көз караштар.*

Аннотация: *В данной статье речь пойдет о частицах, происходящих от глаголов. Описываются их этимологии и особенности перехода в служебные части речи. А также представлены мнения ученых в отношении этой группы частиц.*

Ключевые слова: *частицы, происходящие от глаголов, этимология частиц, особенности употребления частиц в предложении, суждения ученых о происхождении частиц.*

This article will focus on the particles originated from verbs. In addition, it describes their etymology and peculiarities of their transition to the auxiliary parts of speech, as well as presents the views of the scientists about the origin of this group of particles.

Keywords: *The particle originated from verbs, etymology of the particles, peculiarities of use of the particles in sentences, views of the scientists about the origin of this group of particles*

Бөлүкчөлөр башка кызматчы сөз түркүмдөрү сыяктуу эле чыгыш теги боюнча маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө тиешелүү экени белгилүү. Булардын айрымдары байыркы жазма эстеликтерде орун алып, байыркы мезгилдерде эле жаралган кызматчы сөздөр катары эсептелсе, айрымдары бүгүнкү күнгө чейин мааани берүүчү сөз түркүмдөрү менен семантикалык байланышын толук үзбөгөн, ошондуктан сүйлөм контекстинде бирде өздөрүнүн баштапкы сөз түркүмдүк маанисинде, бирде кийин калыптанган кызматчы сөздүк маанисинде колдонула берген сөздөрдүн тобу болуп эсептелет. Көөнө эстеликтерден бери колдонулуп келе жаткандары биротоло өзгөрүлбөс, туруктуу сөздөрдүн тобун түзүү менен, чыныгы бөлүкчөлөр деп аталып, сүйлөмдүн кандай гана контекстинде болбосун, бир гана бөлүкчөлүк милдетте колдонулат. Ал эми бөлүкчө катары кыйла кийин гана калыптангандары функционалдык бөлүкчөлөр деп аталып, бөлүкчөлүк милдетте да, баштапкы этимонунда да колдонула берет. Биз бул макалада этиштен пайда болгон функционалдык бөлүкчөлөр жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Кыргыз тилинде этимологиялык жактан этишке тиешелүү болгон бөлүкчөлөр сан жагынан көп деле эмес. Аларга **гой, белем, деген, болсо, как** жана ошондой эле фонетикалык варианттарда кезиккен **аябай, аябаган, аябагандай** деген бөлүкчөлөр кирет.

Гой бөлүкчөсү. Чыгыш теги боюнча бул бөлүкчө кадимки эле буйрук ыңгайдагы, экинчи жактагы, жекелик сандагы, негизги мамиледеги толук лексикалык мааниге ээ болгон **кой** этишинен пайда болгон деп илимде эсептелет. Маселен, белгилүү түрколог Н.А.Баскаков каракалпак тилиндеги **къой, гъо** бөлүкчөлөрүн “ставить, поставить” деген нагыз этиштен келип чыккан деп белгилейт (Баскаков, 1952). Булардын биринчиси (**къой**), чынында эле, **кой** деген нагыз этиштен пайда болгон деген аргументке кошулууга болот. Себеби **кой** этишинен **гой** бөлүкчөсүнүн келип чыгышы төмөнкүдөй этаптарды басып өткөнү Н.А.Баскаков жана башка айрым түркологдор тарабынан белгиленип жүрөт: толук маанилүү эле **кой** этиши сүйлөмдүн бир контекстинде татаал этиштин акыркы (экинчи) компоненти катары келүү менен жардамчы этиштин кызматында келип калат. Жардамчы этиштик функцияда келген **кой** этиши жанаша келген тыбыштардын таасири аркылуу жумшарууга учурап, оозеки кепте **кой** эмес, **гой** тыбыштык турпатка айланат. Акырында бул (**гой**) турпаттагы сөз сүйлөмдө **гой** бөлүкчөсүнө айланып кетүү мүмкүнчүлүгүн алат. Бул процесс төмөнкүдөй ыраатта өтөрүн көрсөтүүгө болот: 1. Баштапкы маанисинде нагыз этиш катары колдонулат: Чай **кой**, конок келди. **Кой**, антип сүйлөгөн пендеге эле эмес, кудайга да жакпайт. Колуңдагы буюмду текчеге **кой**. Бул сүйлөмдөрдө **кой** нагыз этиши айрым грамматикаларда да (ГКЛЯ, 1987, 396-б.) белгиленгендей, мааниси боюнча биринчи сүйлөмдө “ставь”, экинчи сүйлөмдө “брось”, үчүнчү сүйлөмдө “положи” деген толук лексикалык маанилерде колдонулду. 2. Татаал этиштин тутумун түзгөн (оошмолуу) жардамчы этиш катары колдонулат: мага **айтып кой**, балага **берип кой**, тез **жаза кой**, ыкчам **иштей кой** ж.б. 3. Бөлүкчөлүк мааниде колдонулат: Келе **гой**, садагасы. Бар, бара **гой**, кагылайын. Бул жерде эскерте кетчү, тактай кетчү нерсе бар. Негизги этиш үндүү менен же жумшак үнсүз менен бүтсө, оозеки кепте **кой** сөзү **жаза гой, иштей гой** болуп угулуп, экинчи жана үчүнчү пункттардагы бул мисалдардын маанилери бирдей, окшоштой туюлуп калат. Бирок **кой** жардамчы этиштин милдетинде келгенде сүйлөмдө кыймыл-ара-

кеттин тездигин туюндурса, бөлүкчөлүк мааниде келгенде андан айырмаланып, сүйлөмгө жалынуу-жалбаруу маанисин киргизип, ушундай өзгөчөлүктөрү боюнча бири-биринен айырмаланып калат. Ошентип, **гой** бөлүкчөсүнүн пайда болушун төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот.: **кой** -негизги этиш; **кой, гой** -жардамчы этиш; **гой** -бөлүкчө.

Кыргыз тилиндеги **гой** бөлүкчөсүнүн бир өзгөчөлүгү башка бөлүкчөлөрдөн айырмаланып, ар түрдүү атооч, этиш сөздөр менен айкашып келе бербестен, бир гана **-а, -е, -й** формалуу чакчыл этиштерди жандап келет. Бул бөлүкчө аркылуу жалыныч маанисинен тышкары, эркелетүү, жалбарып өтүнүү, ошондой эле кээде шылдыңдоо, жактырбоо маанилери туюнтулуп калат. Мисалы: Ал, Кириск, иче **гой**, эчтемени ойлобо (Ч.А.). Ал. Ала **гой** эми, атаң өзү берип жаткан соң.. (Т.К.). (жалынуу, жалбарып өтүнүү маанилери берилди). Баян. ...Эми эч кайда кача албассың дейм? Кана, кача **гой**, Мөөркан?! (А.О.). –Ии, кызыке, келе **гой**, секет!... (Ч.А.). Ооба, сени эле күтүп турушкандыр, бара **гой**, кана... (оозеки кептен) (жактырбоо, шылдыңдоо маанилери берилди). Бул мисалдарга байланыштуу кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча көпчүлүк адис окумуштуулардын ар түрдүү кошумча маанилер жалаң гана бөлүкчө аркылуу берилбестен, кээде аны менен жанаша келген сөздөрдүн маанилеринин, ал эмес сүйлөмдүн жалпы маанисинин жуурулушуп келишинен да бул маанилер жаралат деген адилет пикирлерин да айта кеткен оң (Петров, Зейналов).

Аталган бөлүкчө - табияты боюнча оозеки кепке мүнөздүү бөлүкчө. Ошондуктан ал аркылуу сүйлөшүү процессине коосдук, көркөмдүк, эмоционалдуу- экспрессивдүүлүк тартууланат.

Белем бөлүкчөсү. Бул бөлүкчө суроо маанисиндеги **-бы** мүчөсү менен **эле** нагыз жардамчы этишине 1-жактын жекелик санынын **(-ым)** мүчөсүнүн жалгашуусунан жаралган: -бы+эле+-ым<белем (ГКЛЯ, 1987, 394-б.). **Белем** сөзү татаал этишти түзүүгө катышкан жардамчы этиш катары да, бөлүкчөнүн ролунда да келе алат. Синтаксистик жактан татаал баяндоочтун тутумунда келгенде, **белем** көп учурда жардамчы этиштик милдетте келет. Маселен: Мен дагы бөрү тилден **албас белем**. Сабалап жоого каршы **барбас белем** (А.Т.). Мен ушул күнгө **туш болмок белем**... (А.Т.).

Биздин иликтөөбүз боюнча, **белем** бөлүкчөлүк милдетте башка түрк тилдеринде кезикпей, кыргыз тилинде гана учурагандыктан, нукура кыргыз бөлүкчөсү деп айтууга негиз берет. Кыргыз тилинин нормативдик грамматикаларында ал божомолдоо-суроо бөлүкчөсү (КТГ, 1964, 360-б.; КАТГ, 1980, 520-б.) же күмөн бөлүкчө (Давлетов ж.б., 1982, 228-б.) деп аталат.

Белем этиш менен айкашып келип, семантикалык жактан кээде божомолдогуч-суроо маанисиндеги бөлүкчөлүк милдетти аткарып калат: Баланын жылуу деми урат, жыты келет… Энелик мээрим ошондо биринчи ирет сезилди **белем**? (Ө.Д.). Байкалбай уурдалып карылык да келген **белем**?! (Б.У.).

Белем бөлүкчөсүнүн дегеле ар кандай сөз түркүмдөрү менен айкашуу мүмкүнчүлүгү кенен, бул жагынан ал **гой** бөлүкчөсүнөн айырмаланат. Бул учурларда деле сүйлөм конструкцияларына божомолдогуч-суроо маанисин кийирет. а) зат атооч менен айкашта келет: Адамдан бөлөк түрү бар. Кайгуулдап жүргөн **шер белем**?! (“Манас”). Сагынгандын **сыры белем**, Жымың этти каштары (А.Т.). б) сын атоочту жандап келет: Ал тегин көп орустун бири эместей көрүндү. Билимдүү, өзү **оокаттуу белем**? (Т.С.). Бир нерсеге **кападар белем**, дулдуюп оозунан кеп чыкпады (Б.У.). в) сан атоочту жандап келет: Шайдоот кыймылына караганда кечээки **экөөнүн бири белем**?! (Б.У.). Алдыга озгонуна караганда баягы **ондун бири белем**?! (Б.У.). г) ат атоочту жандап келет: Жазмыш **ошол белем,** кайран Домбу бул дүйнөдөн жүз үйүрүп бизди таштап кетти (Т.К.). Анык ажалдан куткарып калган айла да **ушул белем...** (Ч.А.). д) тактооч менен айкашып келет: Анын кабыргасы кайышып турду! Өмүрүндөгү эң оор, эң азаптуу күн **бүгүн белем**... (Б.У.).

Белем бөлүкчөсү багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн багыныңкы түгөйүнөн орун алган учурда, сүйлөөчүнүн берейин деген оюу толук түшүнүктүү болбой, ой-пикирдин жыйынтыкталышы талап кылынып калат: Чырагына май тама түштү **белем**, заардуу байбиче Бердибайды табалады (Т.С.). Жүйөлүү жемеге жооп табалбай калды **белем**, Ыйманбай унчукпай тонун кумтуланды (Т.С.).

Белем бөлүкчөсү кээде өзүнөн удаа жак мүчөнү кабыл алып, жанаша келген сөзү менен бирдикте сүйлөмдө баяндоочтук милдетти аткарып калат. Бул учурда да **белем** божомолдогуч-суроо маанисин сактайт: Э, жарыктык! Чындыгында эле жаткан бир **бабыр белемсиз**! (А.У.). Эмне эле дайынын билдирбейт десе, сен жанараак **келип-кеткен белемсиң?** (Б.У.).

Деген бөлүкчөсү. **Деген** сөзүнүн бөлүкчө катары калыптанышында оозеки кептин ролу чоң. Маани берүүчү сөздөрдөн соң орун алуу менен, аларга аныктоо-тактоо киргизүү функциясын аткаруу милдетин алуу аркылуу акырындап атоочтук формадагы этиштен (де+-ган) бөлүкчөлүк милдетке өтөт. Бул бөлүкчө аркылуу оозеки кепке мүнөздүү болгон көркөмдүк, коосдук, уккулуктуулук жаралат. Сүйлөшүү кебинде кеңири колдонулуучу мындай типтеги бөлүкчөлөрдү орус изилдөөчүсү Е.Н.Ремчукова креативдүү бөлүкчө деп атайт. Түрк тилдеринин ичинде бул бөлүкчөнү сейрек кездешүүчү кызматчы сөз катары кароого болот. Биздин иликтөө боюнча якут тилинде гана кезигери белгилүү болду. Бул тилде ал жалаң гана бөлүкчөлүк милдетте келбестен, жандоочтук, байламталык да функцияда кеңири учураары айтылат (Петров, 1978, 242-б). Чыгыш теги боюнча аталган сөз якут тилинде **-ан** формалуу (якут: **диэн)** чакчыл этиш деп эсептелет (Петров, 1978, 242-б.). Бул сөздүн якут тилинде берген көптөгөн маанилеринин ичинен кыргыз тилине анын аныктагыч-тактагыч гана мааниси мүнөздүү. Драмалык чыгармалар оозеки кепке жакын болгондуктан, **деген** бөлүкчөсү аларда көп кезигет. Мындан тышкары көркөм чыгармаларда каармандын кебинде кезигет: Аякта **деген** сенин эч кимиң жок да! (Б.Ж.). Биз **деген** Сокен эжеме тууганбыз да!... (Б.Ж.). Турмуш **деген** ойлогон ойдой жеңил эмес (Ч.А.).

Деген бөлүкчөсү көп учурда зат атоочту, ат атоочту тактоочту жандап келет. Кандай гана сөздөрдү жандап келбесин, **деген** бөлүкчөсү бардык учурда сүйлөмгө аныктагыч-тактагыч маани кийирет: а) зат атооч менен кеңири айкашып келет: **Жетим деген** кудайга жазыптырбы?! (Ч.А.). **Ашырбай деген**... эр сайышка чыгып, балбанга түшкөндө бир да жолу алдыра элек чыгаан... (Т.А.). **Бала деген** баладай эле болот дечү эле, капырай! (Б.У.). б) ат атоочту жандап келет: **Мен деген** жетимиштеги кемпир (Т.С.). –Ой, кантесиң, **бу деген** документ эмеспи,- дептирмин (Ч.А.). в) тактоочко айкаша келет: **Эртең деген** окуу башталат, кам урбайсың го? (“Агым” гез.). **Кечинде деген** сен ойлогондой болбойт, ошондуктан азыртан аракетиңди көр! (Б.Ж.).

Кызматчы сөздөр өзгөрүлбөс сөз түркүмдөрдүн ката-

рына киргени менен, кээде жандуу сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрөрү белгилүү. **Деген** бөлүкчөсү да мындай өзгөчөлүктөн сырткары калбастан, айрым учурда жак таандык мүчөнү кабыл алып колдонулат: Өмүр **дегениң** зуулдап өтүп баратат, шаарга барып турсакпы дегенде эки көзүм төрт... (Ч.А.). Турмуш **дегенибиз** дайыма биз ойлогондой болбойт тура, кантмекчибиз?... ("Тамчы" гез.).

Болсо бөлүкчөсү. Бул бөлүкчө **деген** бөлүкчөсү менен бирдикте кызматчы сөздөрдүн катарын кыйла кийин гана толуктай баштады. Өздөрүнүн баштапкы этимонунан көп алыстабагандыктан, бул бөлүкчөлөр чыгыш теги боюнча кандай тутумдук бөлүктөрдөн турары даана көрүнүп турат. Ошондуктан оңой эле уңгу, мүчөлөргө ажырайт. **Болсо** - чыгыш теги боюнча шарттуу ыңгайдагы этиш. Ал буйрук ыңгайдагы негизги этишке **-са** мүчөсүнүн айкашуусу менен уюшулган. Сүйлөм контекстине жараша бирде өзүнүн этиштик маанисинде, бирде бөлүкчөгө айланган маанисинде колдонула берет. Бөлүкчөлүк мааниде келгенде ал өзгөрүлбөс, сенек сөздөр катары кабыл алынат.

Болсо өзү тиешелүү болуп турган сөзүнө карата постпозицияда орун алат. Көп учурда зат атооч, ат атооч, затташкан сан атоочторду жандап келип, аларга аныктоо-тактоо, бышыктоо маанилерин киргизет: ...**согуш болсо** баягы. Деле бүтчүдөй көрүнбөйт (Ө.Д.). Жүгүр! Астынан сүйөп жибер!- деди мага Жамила, **өзү болсо** Даниярды тосуп алчудай шашканынан ага колун сунуп көтөрдү (Ч.А.). Колдошсун жыргалдарын жыргагандар, **биз болсок** жыргаганга болгонбуз жем (А.Т.). Акмат байке көптөгөн ийгиликтерге жетишти, **сен болсоң** дагы эле баягыңдай ыкшоосуң (оозеки кептен). Ашырбай. Далай ирет беттешке чыгып, кыйласын майып кылдым... **бирөөнү болсо** сайып өлтүрдүм (Т.А.).

Жогорку сүйлөмдөрдөн көрүнүп тургандай, **болсо** бөлүкчөсү жак мүчөнү да кабыл алууга жөндөмдүү. Анын мындай өзгөчөлүгүн өзүнүн чыккан теги – этиштен алыстай электинен деп түшүнүү кажет.

Как бөлүкчөсү. Бул бөлүкчө буйрук ыңгайдагы, негизги мамиледеги, экинчи жактагы, жекелик сандагы кадимки эле уңгу түрүндөгү нагыз этиштен пайда болгон. Жогорудагы анализге алынган бөлүкчөлөр сыяктуу бул бөлүкчө да функционалдык бөлүкчөлөрдүн катарына кирет. Себеби биротоло бөлүкчөлөр тобуна өтүп кетпестен, сүйлөмдүн бир контекстинде бөлүкчөлүк кызматта келсе, сүйлөмдүн башка контекстинде нагыз этиштик милдетте келет. Котормо сөздүктө **кактын** төмөнкүдөй бөлүкчөлүк маанилери кезигери көрсөтүлгөн: как раз; точь в точь; ни дать, ни взять (КОС, 1965, 325-б.). К.Бакеев өз мезгилинде бул бөлүкчөлүк маанини туюндурган сөздү айкашкан сөзүнө аныктоо, тактоо киргизген сөз катары карап, мектеп грамматикасынын "Жардамчы сөздөр" деген бөлүмүнө кийирген (Бакеев, Бактыбаев, 1939, 105-107-б.). **Как** бөлүкчө катары өткөн кылымдын 60-жылдарынан кийин гана эсептеле баштады (КТГ, 1964, 351-366-б.). Оозеки кепке мүнөздүү болгон **как** бөлүкчөсү өзүнө абсолюттук синоним болуп келген **дал, так, нак** бөлүкчөлөрүнөн көркөм чыгармаларда кыйла сейрек колдонулганы менен айырмаланат.

Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн кызматчы сөздөрдүн тобуна өтүүдө тактооч сөз түркүмү кээде көпүрөнүн ролун аткарары илимде белгилүү (Каламова, 1954). Бул учурда **как** сөзү да ушундай процессти башынан кечиргенин көрүүгө болот. Тактап айтканда, **как** сөзү этиштен тактоочко өтүп, андан соң анын лексикалык мааниси десемантизацияланып бөлүкчөгө айланганын белгилөөгө болот. Тактоочтук мааниде келгенде кантип? деген суроого жооп берип, аныктагыч тактоочтун милдетинде келет: Кайык уламдан улам катуулай сүздү. Туманды **как** жарып, жулкуна эргип коюп, белгисиз жакка, белгисиз максат менен баратты (Ч.А.). Азыр да кээде ошол эшалон кулагымды тундуруп куйрук улаш эки паровоз алып-учкан вагондор мээмди **как** жарып өткөнсүйт (Ч.А.).

Как бөлүкчөлүк мааниде келгенде тиешелүү сөзүнө карата препозицияда жайгашат. Ал негизинен атооч сөз түркүмүндөгү сөздөр менен айкашып, сүйлөмгө аныктоо-тактоо маанисин киргизет: Кайраттуу баатыр Ленин, **Как ушундай** күн салган (Т.М.). Качпай туруп урушуп, **Как ушул** жерден өлүшөм ("Манас"). Караса көңүл бөлүнөт, **Как ошондой** Аккула Атадан жалгыз көрүнөт ("Манас"). ...аңгыча **как жанына** келген короз кыйкырып жиберди (Р.Ш.).

Как бөлүкчөсү башка түрк тилдеринде кезикпегендиктен, нукура кыргыз тилине тиешелүү бөлүкчө деп айтууга болот.

Аябай, аябаган, аябагандай бөлүкчөлөрү. Булар - **-ая** (орусча: жалеть) деген уңгу этишке түрдүү мүчөлөрдүн уланууусунан пайда болгон бөлүкчөлөр. Башкача айтканда, бул үчөөнү **аябай** бөлүкчөсүнүн варианты катары кароого болот. Бөлүкчө катары кийин гана калыптангандыктан, булардын ар биринин этимологиясы дапдайын эле болуп турат: **аябай › ая+ -ба+ -й.** Мында **-ба** этиштин терс формасын уюштуруучу мүчө, **-й** чакчыл мүчө, демек, бул сөз - ушул (**аябай**) турпатында алгач чакчыл этиштик милдетте колдонулган сөз (КТГ, 1964, 263-б.). **Аябаган › ая+ -ба+ -ган.** Бул сөздүн акырындагы **-ган** мүчөсү - атоочтукту уюштуруучу мүчө. Демек, сүйлөм контекстине жараша **аябаган** этиштин атоочтук формасы иретинде да, бөлүкчөлүк милдетте да колдонула берет. **Аябагандай › ая+-ба+ -ган+ -дай.** Бул жерде **-дай** мүчөсү - катыштык сын атоочтуу уюштуруучу өнүмдүү мүчө. Демек, бул сөз да функционалдык бөлүкчө деп эсептелгендиктен, сүйлөм контекстине жараша катыштык сын атооч катары да (маселен: бул **аябагандай** (же: аябачудай) баалуу нерсе эмес бекен, аяйбыз эле), бөлүкчө катары да (маселен: **аябагандай** бийик үйлөр) кызмат аткара берет.

Чакчыл этиштик маанидеги **аябай** сөзүнөн, кийин күчөткүч тактооч жаралгандыгы грамматикаларда сыпатталып келген (Жакыпов ж.б., 1955, 218-223-б.). Ушул көз карашты С.Давлетов да колдоп, **эң, өтө, чылк, чымкый, абдан, ылгый, өңкөй** сөздөрүн күчөтүү маанисиндеги тактоочтор деп эсептеген (Давлетов, 1956, 6-7-б.; Давлетов, 1960, 26-27-б.). Бирок ал аталган сөздөр тактоочторго караганда бөлүкчөлөргө жакын экендигин да белгилеген. Себеби алар тактооч сыяктуу сүйлөм мүчөлөрүнүн биринин милдетинде келе албайт жана конкреттүү бир суроого да жооп бере албайт деген (Давлетов, 1960, 26-27-б.). Бирок өз мезгилинде ал саналып өткөн сөздөрдү дароо эле кызматчы сөздөрдүн катарына кошуу керек деп кесе айта алган эмес. Себеби мындай сөздөр бүгүнкү күнгө чейин казак тилинде жана айрым башка түрк тилдеринде тактооч деп эсептелип жүрөт. 1960-жылдардын аягынан тарта гана С.Давлетов баштаган окумуштуулар **аябай** сыяктуу күчөтүү маанисин берген бир кыйла сөздөрдү бөлүкчөлөрдүн катарына кошууну туура көрүшүп, ошондон тарта азыркга чейин бардык грамматикаларда, ошондой эле атайын илимий эмгектерде алар бөлүкчөлөр тобунда каралып келет (Давлетов ж.б. 1968, 256-258-б.; Давлетов, Кудай-

бергенов, 1980, 224-б.; Карымшакова, 1998, 44-47; 77-79; 94-96-б.).

Аябай сөзүнүн бир кызык өзгөчөлүгү катары анын сөз түркүмдүк этаптарын бир эле эпикалык жанрдагы чыгармадан дапдаана көрүүгө болорун эсептөөгө болот. Анда **аябай** сөзү бир эле мезгилде терс формадагы чакчыл этиштин, тактоочтун, күчөткүч бөлүкчөнүн милдетинде келиши мүмкүн экендигин көрө алабыз: Көк жалың Манас жол жүрүп, Ат **аябай** мол жүрүп («Манас»). Бээжинге карай жол жүрүп, Ат **аябай** мол жүрүп («Манас»). Бул мисалдардагы **аябай** сөзү, 1-ден, (**атты аябай** деген маанини билдирип), эмне кылбай? деген суроого жооп берүү менен, этиштик функцияны аткарса, 2-ден, ушул эле мисалдарда (**атты аябастан** деген маанини билдирип) кантип? деген суроого да жооп берип, тактоочтук милдетти аткарды, 3-дөн, **мол** сөзүнө препозицияда келүү менен, сүйлөмгө күчөтүү маанисин кийирип, бөлүкчөлүк кызматты да аткарды.

Аябаган бөлүкчөсү негизинен затташкан сын атоочтордун, зат атоочтордун алдында келип, ал катышкан сүйлөмдөргө күчөтүү маанисин кошот. Бирок бул бөлүкчө **аябай, аябагандай** деген варианттардан айырмаланып, этиш сөздөр менен айкашып колдонулбайт. Анткени менен эпикалык чыгармаларда **аябаган** бөлүкчөсүнүн колдонулуш жыштыгы чоң: Балалуу болсоң кулунум... Ааламды буй кылган **Аябаган** шер болот (“Манас”). Кежигесин кержейтип, Кырып кетти деп уктум. **Аябаган** дүмөктү Салып кетти деп уктум (“Манас”).

Аталган бөлүкчөлөр негизинен биринин ордуна башкасы колдонулууга жөндөмдүү болгону менен, кээде алардын ортосунда стилдик жактан төп келишпестиктер байкалып калат. Маселен: Бээжинге карай жол жүрүп Ат **аябай** мол жүрүп деген эпостун саптарын: Бээжинге карай жол жүрүп Ат **аябаган** мол жүрүп деп айтсак, бери эле дегенде, кулакка жагымсыз, комсоо угулат. Ал эми төмөнкү сүйлөмдөрдө бул үчөө бири-бирин толук алмаштыра аларына күбө болобуз: **Аябаган (аябай, аябагандай)** чоң **аябаган (аябай, аябагандай)** кадырлуу доктор болсом дегенде эки көзү төрт эле (Т.А.). **Аябагандай (аябай, аябаган)** чоң апельсин сымал саргыч кызгылт ай үйлөрдүн чатырына чыгып барып, телевизиондук антенналарга сайылып калгандай (“Агым гез.). Ондогон жылдарга созулган түйшүктүү, **аябай (аябаган, аябагандай)** чымыркануунун талап кылган эмгегин жумшаганына карабастан, көп нерселер Мария Райхенин өзүнө да табышмактуу бойдон калууда (“Агым” гез.). Бул бөлүкчөлөр **эле** чектегич бөлүкчө менен да айкалыша келе берет: Ал ишти сапаттуу бүткөрүүгө **аябай эле** (**аябагандай эле**) аракет кылчу (оозеки кептен). Акуновдун баягы иши үчүн жогоруда аты аталган адамдар **аябай эле (аябагандай эле)** ыраазычылыгын билдиришти (“Агым” гез.).

Адабияттар

1. Бакеев К., Бактыбаев У. Кыргыз тилинин морфологиясы: 5-6-кл. үчүн. –Ф.: Кыргызмамбас, 1938-1939.

2. Баскаков Н.А. Каракалпакский язык: Фонетика и морфология. Кн.II, ч. 1. –М.: Изд-во АН СССР, 1952.

3. ГКЛЯ - Грамматика киргизского литературного языка. Ч. 1. Фонетика и морфология. –Ф.: Илим 1987.

4. Давлетов С.А. Наречие в современном киргизском языке: Автореф. дис. ...канд. филол. наук. – Ф., 1956, -15с.

5. Давлетов С.А. Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. – Ф., 1960.

6. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы: Пед. окуу жайлары үчүн. 1-бөлүк. –Ф.: Мектеп, 1968. 7. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология. –Ф.: Мектеп, 1980.

8. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы: Пед. окуу жайлары үчүн. 1-бөлүк. –Ф.: Мектеп, 1982.

9. Жакыпов Ы., Турусбеков С, Майрыков Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк: Пед. окуу жайлары үчүн. –Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1955.

10. Зейналов Ф.Р. Служебные части речи в современных тюркских языках (на материале огузских групп тюркских языков). Автореф. дис. ... докт. филол. наук. –Баку, 1966.

11.Каламова Н.А. Переход наречий в служебные части речи. Автореф. дис. ...канд. филол.наук. –Львов, 1954. -16 с.

12. Карымшакова А.Т. Частицы в современнов кыргызском языке. –Б.: Мектеп, 1998.

13. КАТГ – Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Ф.: Илим, 1980.

14. КТГ – Кыргыз тилинин грамматикасы: Морфология. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1964.

15. Кыргызча-орусча сөздүк. К.К.Юдахиндин ред. астында. –М., 1965. 16. Петров Н.Е. Частицы в якутском языке. –Якутск: Якутское книжное изд-во, 1978.

17. Ремчукова Е.Н. Креативный потенциал русской грамматики (морфологические ресурсы языка). Автореф. дис. …докт. филол. наук. –М., 2005.